**Кубаныч Сатаев - *"Биз Бишкектен бакыт издедик"***

***Сөзү :*** Жылдызбек Турсунбаевдики
**Обону :** Тойчу Какеевдики

Бишкегим – борбор калаам,
Алтын уям – Бишкегим.
Сенде окуп, сенде жашап, иштедим,
Сенде окуп, сенде жашап.
Мезгил учуп жалындаган курактан,
Элес болуп калды сенде издерим.

**Кайырма:**
*Бирге өстүк, бирге ойнодук,*
*Жаштык кездин баркын, бирок билбедик.*
*Табышмактуу келечекке,*
*Бирге кол сунуп,*
*Биз Бишкектен бакыт издедик.*

Бакыт издеп алыс жакка барбадым,
Бакыт кушун бир өзүңдөн кармадым.
Канчалаган кооз шаарлар көрсөм да,
Теңдештирбей Бишкегимди тандадым.

**Кайырма:**
*Чогуу басып бульварында,*
*Чоң сүйүүдөн үмүттөрдү үзбөдүк.*
*Балдарындай эркелетип,*
*Баарын батырган,*
*Биз Бишкектен бакыт издедик.*

*Бирге өстүк, бирге ойнодук,*
*Кырчын кездин баркын, бирок билбедик.*
*Табышмактуу келечекке,*
*Бирге кол сунуп,*
*Биз Бишкектен бакыт издедик.*

Балдарындай эркелетип,
Баарын батырган,
Биз Бишкектен бакыт издедик.